**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 13-отуруму**

# ТОКТОМ

**№13/1**

**12.11.2025.** **Гүлчө айылы**

**«Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 14-октябрында кол койгон № 212 Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айыл аймагын райондук маанидеги шаар категориясына киргизүү жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, Гүлчө айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесине ылайык, юридикалык жакты кайра түзүү ченемдерине ылайык, «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение «Гульчинский городской кенеш»

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение «Гульчинский городской кенеш»

2. «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемесинин Регламенти бекитилсин.

3. «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемесинин юридикалык дареги болуп,

Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Алымбек датка көчөсү № 175 аныкталсын.

4. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **А. Б. Самиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ГҮЛЧӨ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 13-отуруму**

# ТОКТОМ

**№13/2**

**12.11.2025.** **Гүлчө айылы**

**«Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемесин түзүү жөнүндө**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 14-октябрында кол койгон № 212 Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айыл аймагын райондук маанидеги шаар категориясына киргизүү жөнүндө» Мыйзамын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин жана “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алып, Гүлчө айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесине, юридикалык жакты кайра түзүү ченемдерине ылайык, «Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
- **Мамлекеттик тилде**: «Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемеси;
- **Расмий тилде**: Учреждение «Мэрия города Гульча»

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**
- **Мамлекеттик тилде:** «Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемеси
- **Расмий тилде:** Учреждение «Мэрия города Гульча»

2. «Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемесинин юридикалык дареги:
Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Алымбек датка көчөсү № 175, Индекс 723000 болуп аныкталсын.

3. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

4.Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br>**ГҮЛЧӨ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ГУЛЬЧИНСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 13-отуруму**

**ТОКТОМ**

**№13/3**

**12.11.2025.** **Гүлчө айылы**

## «Гүлчө шаарынын кеңеши» мекемесинин Жобосун бекитүү жөнүндө

Гүлчө шаарынын кеңеши өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө", «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык,**токтом кылат:**

**1.** «Гүлчө айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесинин Жобосу бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык алынып барылсын. ( Тиркеме тиркелет).

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**Гүлчө шаарынын кенешинин**
**VIII чакырылышынын депутаттарынын**
**кезексиз ____-отурумунун**
**№_____ токтомуна**
**№1тиркеме**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. «**Гүлчө шаарынын кеңеши**» мекемеси (мындан ары – Гүлчө шаарынын кеңеши) – тиешелүү мыйзамдарда белгиленген тартипте шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы.

1.2. Гүлчө шаарынын кеңеши, өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө", «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырат.

1.3. «**Гүлчө шаарынын кеңеши**» уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.

1.4. «**Гүлчө шаарынын кеңеши**» толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: «**Гүлчө шаарынын кеңеши** » мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение «**Гульчинский городской кенеш**»

Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: «**Гүлчө шаарынын кеңеши**» мекемеси**;**
- Расмий тилде: Учреждение «**Гульчинский городской кенеш** »

1.5. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, **Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Алымбек датка көчөсү № 175** болуп аныкталсын.

1.6. Мекеменин иштөө мөөнөтү чектелбейт.

1.7. «**Гүлчө шаарынын кеңеши**» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат жана өзүнүн атынан мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга жана милдеттерди тартууга, келишим түзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга, оперативдүү башкаруу укугунда негизги жана жүгүртүү каражаттарына, өз алдынча балансnative, банктардагы алыш-бериш жана башка эсептерге, өзүнүн символикасы бар мөөргө, штампка жана бланктарга ээ болууга укуктуу.

## 1. Гүлчө шаарынын кеңешинин сессиясы

2.1. Жергиликтүү кеңештердин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук формасы болуп алардын сессиялары эсептелет. Сессияларды өткөрүүнүн тартиби жана мезгилдүүлүгү жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

2.2. Жергиликтүү кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан көбү катышса укуктуу. Шаардык кеңеш чечимди жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алат.

2.3. Жергиликтүү кеңештердин сессиялары ачык, кварталына кеминде бир жолу же жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын кеминде үчтөн биринин талабы боюнча өткөрүлөт. Жергиликтүү кеңештин сессиясын чакыруу жана жыйналышты өткөрүү тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат.

## 3. Гүлчө шаарынын кеңешинин ыйгарым укуктары

3.1. Айылдык аймактардын, шаарлардын жергиликтүү кеңештери мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде маселелерди кароого жана алар боюнча чечимдерди кабыл алууга укуктуу.

3) Жергиликтүү кеңештин сессиясында төмөнкүдөй маселелер чечилет:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддорду пайдалануу жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү, программалардын аткарылышы жөнүндө отчетту угуу;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана алар боюнча жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин, анын ичинде муниципалдык менчиктин объекттерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен белгилөө, муниципалдык менчикти пайдаланууга контролду ишке ашыруу;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иш жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын отчетун угуу;

7) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын мыйзамдарга карама-каршы келген чечимдерин жокко чыгаруу;

8) кеңештин регламентин кабыл алуу;

9) өз чечимдеринин аткарылышына көзөмөлдүк кылуу;

10) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен жабдууну пайдалануу үчүн, ошондой эле мыйзамдарга ылайык турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын чогултуу, ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн тарифтерди бекитүү;

11) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысы жана жери боюнча чектөөлөрдү тыюу салууга чейин белгилөө;

12) ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартибин белгилөө;

13) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысына ишенбестик билдирүү;

14) бюджетти, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын жана анын компетенциясына кирген башка маселелерди аткарбагандыгынан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын ээлеген кызматына шайкештиги жөнүндө маселени кароо тууралуу сунуш киргизүү;

17) мыйзамдарга ылайык башка маселелерди чечүү.

## 4. Жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары

4.1. Гүлчө шаарынын кеңешинин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой эле кеңештин чечимдерин ишке ашырууга катышуу, ушул чечимдердин ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан аткарылышына контролдук кылуу үчүн түзүлөт. Кеңеш тарабынан ошондой эле убактылуу комиссиялар түзүлүшү мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин карамагына кирген маселелер тиешелүү туруктуу комиссиялар тарабынан алдын ала каралбай туруп, жергиликтүү кеңештин сессиясында каралышы мүмкүн эмес.

4.2. Комиссиялардын тизмегин, алардын сандык курамын жана шайлоо тартибин тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттык фракцияларынын, топторунун жана депутаттарынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңеш аныктайт.

4.3. Туруктуу комиссиялар тиешелүү айылдык кеңештин депутаттарынын ичинен түзүлөт. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын курамына кеңештин төрагасы жана анын орун басары шайланышы мүмкүн эме

4.4. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өз ишинин негизги багыттары боюнча чакан комиссияларды түзө алат.

4.5. Туруктуу комиссиянын жана кеңештин төрагасынын сунушу боюнча тиешелүү кеңеш туруктуу комиссиянын курамына өзгөртүүлөрдү киргизет.

4.6. Комиссия мүчөсүнүн ыйгарым укуктары кеңеш тарабынан анын өтүнүчү боюнча, ошондой эле ага өз милдеттерин аткарууга мүмкүндүк бербеген жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

4.7. Жергиликтүү кеңештердин туруктуу комиссияларынын укуктары, милдеттери, уюштуруу жана иш тартиби жергиликтүү кеңештин регламенти менен белгиленет.

## 5. Гүлчө шаарынын кеңешинин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктары

5.1. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары:

1) кеңештин кароосуна киргизилүүчү маселелерди даярдоого катышат;

2) тиешелүү аймакта социалдык-маданий жана өндүрүштүк инфраструктураны өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин чыңдоо маселелери боюнча сунуштарды кеңешке киргизет;

3) жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышына контролду ишке ашырат;

4) өзүнүн ишине илимпоздорду, адистерди, көз карандысыз эксперттерди, жарандык коомдун өкүлдөрүн жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүн жана башка адамдарды тартууга укуктуу;

5) иш-аракеттеринин майнаптуулугун жана натыйжалуулугун аныктоо максатында жергиликтүү кеңеш кабыл алган ченемдик укуктук актылардын мониторингин жана аларга баа берүүнү жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте туруктуу негизде жүргүзөт.

5.2. «**Гүлчө шаарынын кеңешинин**» туруктуу комиссиялары өзүнүн карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жетекчилерин жана кызматкерлерин угууга укуктуу. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялары өзүнө

караштуу аймакта жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин ыкчам-чарбалык ишине кийлигишүүгө укуксуз.

## 6. Гүлчө шаарынын кеңешинин төрагасы

6.1. Айылдык кеңештин төрагасы тиешелүү жергиликтүү кеңештин сессиясында кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайланат.

6.2. Кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү укугуна депутаттык фракция же 5 депутаттан кем эмес сандагы топ ээ.

6.3. Шаардык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби жана шайлоонун башка жол-жоболук маселелери айылдык кеңештин регламенти менен аныкталат.

6.4. Шаардык кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, айылдык кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмесинин добуштары менен ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

## 7. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басарлары

7.1. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары сессияда жергиликтүү кеңештин төрагасынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ичинен шайланат.

7.2. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат, ал жок болгон же өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда аны алмаштырат.

Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары жергиликтүү кеңештин төрагасынын алмаштырган учурда ушул Мыйзамда каралган учурларда жергиликтүү кеңештин төрагасына төлөнүүчү компенсациянын суммасынан 50 пайыз өлчөмүндө компенсация алат.

7.3. Шаардык  кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ээлеген кызмат ордунан шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси боюнча бошотулушу мүмкүн.

7.4. Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары өзүнүн ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

7.5. Шаардык кеңештин кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тиешелүү мыйзам бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартылышат.

7.6. Депутаттын ыйгарым укуктары тийиштүү кеңештин биринчи сессиясы ачылган күндөн тартып башталат жана кийинки шайланган кеңештин биринчи сессиясы ачылган күнү бүтөт.

**8. Жобого өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү тартиби**

8.1. Шаардык кеңештин жобосуна өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү, аны жаңы редакцияда бекитүү Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары менен белигленген тарипте жүзөгө ашырылат.

8.2. Шаардык кеңештин ушул Жободо көрсөтүлбөгөн ишинин маселелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**9. Шаардык кеңештердин ыйгарым укуктарынын токтотулушу**

9.1. Шаардык кеңештин ыйгарым укуктары ушул чакырылыштагы айылдык кеңештин депутаттары шайланган мөөнөт аякташына байланыштуу, ошондой эле кеңештин жаңы курамы түзүлүшүнө, кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылышына байланыштуу токтотулат.

9.2. Шаардык кеңеш төмөнкүдөй учурларда Президент тарабынан мөөнөтүнөн мурда таратылышы мүмкүн:

1) тиешелүү шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес добушу менен кабыл алынган чечим боюнча

2) Министрлер Кабинетинин Төрагасынын же акимдин сунушу боюнча;

3) кайра уюштурууга алып келген тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин чек аралары өзгөргөн учурда;

9.3. Өзүн-өзү таркатуу жөнүндө айылдык кеңештин чечими жарлыкты чыгаруу үчүн Президентке кеңештин төрагасы тарабынан жиберилет.

9.4. Административдик-аймактык бирдиктин чектерин өзгөртпөстөн анын аталышын өзгөртүү кайра уюштуруу болуп саналбайт жана жергиликтүү кеңешти таратууга алып келбейт. Президенттин кайра уюштурууга байланыштуу айылдык кеңешти таратуу жөнүндө жарлыгы, эгерде мыйзамдын өзүндө башкача мөөнөт каралбаса, тиешелүү административдик-аймактык бирдик жөнүндө мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып 30 күндөн кечиктирилбестен чыгарылууга тийиш.

9.5. Мөөнөтүнөн мурда таратуунун жогоруда көрсөтүлгөн учурларынын кайсынысында болсо да таратуу жөнүндө Президенттин жарлыгы расмий жарыяланган күндөн тартып шаардык кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылды деп эсептелет.

9.6. Шаардык кеңеш мөөнөтүнөн мурда таратылган учурларда мүлкүнүн жана документтеринин сакталышы үчүн жоопкерчиликти жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын тиешелүү башчысы тартат.

**10. Шаардык кеңешти кайра уюштуруу жана жоюу**

10.1. Шаардык кеңешти кайра уюштуруу (бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, өзгөртүп түзүү) жана жоюу Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат

10.2. Шаардык кеңештин иши токтотулган учурда анын документтери “Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

**Төрага** **А.Б. Самиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Гүлчө айылдык кенешинин VIII чакырылыштын депутаттарынын кезексиз 13-отуруму**

# ТОКТОМ

**№13/4**

**10.10.2025.** **Гүлчө айылы**

**«Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемесинин Жобосун бекитүү жөнүндө**

Гүлчө шаарынын кеңеши, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык **токтом кылат:**

**1.** «Гүлчө шаарынын мэриясы» мекемесинин Жобосу талаптарга ылайык бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик актыларга жана ушул Жобого ылайык иш алынып барылсын. (Тиркеме тиркелет).

**Төрага** **А.Б. Самиев**

**Гүлчө шаарынын кенешинин**
**VIII чакырылышынын депутаттарынын**
**кезексиз ____- отурумунун**
**______ токтомуна**
**№2тиркеме**

**Гүлчө шаарынын мэриясынын**

**ЖОБОСУ**

Мазмуну

1. Жалпы жоболор
2. Гүлчө шаарынын мэриясынын компетенциясы
3. Гүлчө шаарынын мэриясынын принциптери, түзүмү жана уюштуруучулук негиздери
4. Гүлчө шаарынын мэриясынын коллегиялдуу органы
5. Каржылоо жана укуктук абалы
6. Гүлчө шаарынын мэриянын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара мамилелери
7. Шаардын мэри
8. Шаардын мэринин ыйгарым укуктары
9. Шаардын мэринин орун басары
10. Гүлчө шаарынын мэриянын финансылык-экономикалык негиздери
11. Жобого өзгөртүү киргизүү тартиби
12. Корутунду жоболор

1.Жалпы жоболор

1.1 Гүлчө шаарынын мэриясынын жобосу (мындан кийин – шаардын мэриясы) шаардын аймагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын кодекстеринин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ченемдик укуктук актыларынын, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын жана ушул жобого ылайык иш алып барат.

1.2 Шаарынынн мэриясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп саналат.

1.3. Гүлчө шаарынын мэриясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп, мэр башкарат.

1.4. Мэр-шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчиси. Гүлчө шаарынын мэри саясий кызмат болуп, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан муниципалдык кадрлар резервинде турган жарандардан дайындалат. Мэрдин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 5 жыл.

1.5. Шаардын мэриясы - шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу боюнча мэрдин ишин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы.

1.6. Шаардын мэриясынын курамына кирген айыл аймактарынын укук мурстоочулары болуп саналат, юридикалык жактын статусуна ээ жана алар уюшулган күндөн тартып кошулду деп эсептелет.

1.7. Шаардын мэриясы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органын укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, жергиликтүү кеңештин токтомдорун, ошондой эле ушул жобонун негизинде иш алып барат.

1.8. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мэрия өзүнүн атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды сатып алууга жана ишке ашырууга, өз мүлкүнө ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө, ошондой эле келишим түзүүгө, мүлктү сатып алууга, ижарага алууга жана ээликтен ажыратууга, сотто доогер жана жоопкер болууга укуктуу, банк мекемелеринде алыш-бериш эсеби бар юридикалык жак болуп эсептелет. Мэриянын мүлктүк укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык корголууга тийиш.

1.9. Шаардын мэриясы юридикалык статуска ээ, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби чөгөрүлгөн, өзүнүн аталышы мамлекеттик жана расмий тилинде жазылган тегерек мөөрү, Кыргыз Республикасынын банктарында бет эсеби (расчеттук валюталык) өз алдынча мүлк каражат балансы болот. Шаардын мэриясы республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат.

Шаардын мэриясынын толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: “Гүлчө шаарынын мэриясы” мекемеси;

- Расмий тилде: Учреждение “Мэрия города Гульча”.

Шаардын мэриясынын кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: “Гүлчө шаарынын мэриясы” м-и;

- Расмий тилде: У-е “Мэрия города Гульча”.

1.10. Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Алай району, Гүлчө шаары, Алымбек датка көчөсү, № 175, Индекс 723000

**2. Шаардын мэриясынын компетенциясы**

2.1. Шаардын мэриясы:

1) Шаардын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, шаардыктарга социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү уюштуруу;

2) шаардын бюджетинин долбоорун иштеп чыгат жана аны шаардык кеңеш бекиткенден кийин аткарат;

3) социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, калкты социалдык жактан коргоонун программаларынын долбоорлорун иштеп чыгууга жана кеңештин бекитүүсүнө сунуш кылууга катышат жана кеңеш бекиткенден кийин аларды аткарууну камсыз кылат, социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасынын аткарылышы жөнүндө маалыматты жарыялайт, ошондой эле аны расмий сайтка жарыялайт жана (же) жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлерге (такталарга, стенддерге) жайгаштырат;

4) шаарды өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартат;

5) тарыхтын, архитектуранын жана маданияттын эстеликтерин коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

6) жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

7) шаардын жерлерин жана муниципалдык менчиктин объекттерин сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аларды шаардык кеңеш бекиткенден кийин жүзөгө ашырат;

8) муниципалдык ишканаларды менчиктештирүүгө жана тиешелүү органдар менен макулдашуу боюнча социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык маанидеги объекттерди, ошондой эле алардын иштеши үчүн зарыл болгон жабдууну балансқа кабыл алууга катышат;

9) шаардын турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбасын өнүктүрүү жана абаттоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

10) шаарды куруунун башкы планын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат, мыйзамдарга ылайык архитектура жана шаар куруу ченемдери менен эрежелеринин сакталышына контролду ишке ашырат;

11) жаратылыш кырсыктарын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана четтетүү, алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруучулук-практикалык чараларды жүзөгө ашырат;

12) мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү жана ишке ашырууну жүзөгө ашырат;

13) ветеринардык-санитардык жана карантиндик-чектөөчү чараларды өз убагында өткөрүүнү камсыздоого көмөк көрсөтөт;

14) мыйзамдарга ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

**3. Гүлчө  шаарынын мэриясынын принциптери, түзүмү жана уюштуруучулук негиздери**

3.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү коомдоштуктун жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча ишмердүүлүгү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, жергиликтүү коомдоштуктар тарабынан өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

3.2. Гүлчө  шаарынын мэриясы төмөнкү принциптерди жүзөгө ашырат:

1) мамлекеттик жана муницпалдык органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так аныктоо;

2) мэриянын жергиликтүү коомдоштуктун алдында ачык, жооптуу болушу жана алардын өз функцияларын жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;

2) мэриянын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы, жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;

3) мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;

4) мэриянын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары (чогулуштары) жана курултайлар аркылуу жарандардын эрктерин билдирүүсү;

5) жергиликтүү коомдоштуктардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;

6) коомдук пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы;

7) тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулук, эркин талкуулоо;

8) өзүнүн компетенциясындагы маселелерди чечүүдө мэриянын көз карандысыздыгы;

9) Гүлчө  шаардык депутаттар кеңеши тарабынан кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын мониторингин жана аларга баа берүүнү туруктуу негизде жүргүзүү;

10) өз алдынча камсыз кылуу, өз алдынча жөнгө салуу жана өз алдынча каржылоо;

11) мэрия Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышууга конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик органдары менен тыгыз өз ара аракетте иштейт.

**3.3. Гүлчө  шаарынын мэриясынын түзүмү:**

1) Гүлчө  шаарынын мэриясы: шаардын мэри, мэрдин орун басары, мэриянын аппараты жана мэрия тарабынан түзүлгөн кызматтык түзүмдөрдөн турат.

2) Гүлчө шаарынын мэри Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген мэриянын аткаруу органдарынын типтүү түзүмүнө жана штаттык бирдиктеринин санына ылайык мэриянын түзүмүн жана штаттык санын  бекитет.

3) мэрдин, мэрдин орун басарынын жана аппарат жетекчинин кызматтык милдеттенмелери, шаардын мэри тарабынан бөлүштүрүлөт жана бекитилет.

3.4. Гүлчө  шаарынын мэриясынын уюштуруучулук негиздери:

1) жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өз кызыкчылыктарындагы жана өз жоопкерчилигиндеги өз алдынча иш аракеттери.

2) жамааттар тарабынан шаардын өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу, ошондой эле жарандардын түздөн-түз катышуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

**4. Гүлчө  шаарынын мэриясынын коллегиялдуу органы**

4.1. Гүлчө  шаарынын мэриясынын алдында, коллегиялык орган – коллегия түзүлөт.

4.2. Коллегия – шаарынын мэриянын коллегиялдуу аткаруу органы болуп саналат.

4.3. Аткаруу комитети өз ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Ресбуликасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош  облусундагы ыйгарым укутуу өкүлүнүн укуктук ченемдик актыларынын, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана ощондой эле Гүлчө шаардык депутаттар кеңешинин, Гүлчө  шаарынын мэриясынын жана элдик курултайдын өз ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган чечимдерин аткарууга алуунун негизинде ишке ашырат.

4.4. Коллегиянын курамы шаардын мэри тарабынан түзүлөт жана бекитилет. Аткаруу комитетинин саны 7 адамдан түзүлөт.

4.5. Коллегиянын курамына мэр, шаардык кеңештин төрагасы, мэрдин орун басары, аппарат жетекчи ошондой эле, структуралык бөлүмдөрдүн жана шаардык кызматтардын жетекчилери кирет. Коллегия отурумун шаардын мэри чакырат жана отурумдун ишине төрагалык кылат.

4.6. Коллегиянын отурумун шаардын мэри чакырат жана отурумдун ишине төрагалык кылат, ал эми ал жок учурунда мэрдин орун басары чакырууга укуктуу. Коллегия отуруму зарылдыгына жараша, бирок бир кварталда эки жолудан кем эмес чакырылууга тийиш.

4.7. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары менен каралган шаардын мэринин ыйгарым укуктарынан тышкары шаардын мэриясынын коллегиясы жергиликтүү маанидеги баардык маселелерин чечет.

4.8. Шаардын мэриясынын коллегиясы мэриянын структуралык бөлүмдөрүнүн жана шаардык мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарынын ишмердүүлүгүн башкарат.

4.9. Шаардын мэриясынын коллегиясы өз отурумунда маселелерди кароодо жана алар боюнча чечим кабыл алууда коллегиялуулукту, айкындуулукту, коомчулуктун ой пикирин эске алуу менен жана ошондой эле кабыл алынган чечимдердин аткарылышына мэриянын структуралык бөлүмдөрүнүн жана шаардык кызматтардын жетекчилеринин, мэриянын кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын алдындагы жеке жоопкерчилигине таянуу менен чечим чыгарат.

4.10. Шаардын мэриясынын коллегиясы өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана Гүлчө шаарынын мэриясы бекиткен регламенттин негизинде жүзөгө ашырат.

**5. Каржылоо жана укуктук абалы**

5.1. Шаардын мэриясын каржылоо жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген жергиликтүү бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт.

5.2. Шаардын мэриясы менчигинде оперативдүү башкарууда мүлкү бар жана өзүнүн милдеттенмелери боюнча ал мүлкү менен жооп берген, өз атынан ушул мүлккө байланышкан милдеттенмелерге ээ боло алат.

5.3. Ижара акыларынан түшкөн акча каражаттарды Гүлчө шаарынын өнүгүүсүнө жана материалдык базасын чыңдоого жумшайт.

5.4. Шаардын мэриясынын экономикалык негизин: кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча каражаттары, баалуу кагаздар, ошол аймакта турган жаратылыш ресурстары, жарандык укуктардын башка объекттери түзөт.

5.5. Шаардын мэриясы жергиликтүү маанидеги маселелерди майнаптуу жана ыкчамдуу чечүүнү камсыз кылуу, ошондой эле, өз аймагынын чегинде экономикалык өнүктүрүүнү стимулдаштыруу жана пайда алуу максатында муниципалдык

ишканаларды жана коммерциялык эмес уюмдарды ачууга, акционердик коомдорго катышууга укуктуу.

5.6. Шаардын мэриясы, жергиликтүү коомчулуктун: коммуналдык-турмуш тиричилик жагын тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүгө жана социалдык-маданий керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн муниципалдык заказ кыла алат.

5.7. Муниципалдык заказды каржылоо келишимдин негизинде жергиликтүү бюджеттен каражаттарынан же мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардан жүргүзүлөт.

5.8. Шаардын мэриянын кошумча каржы булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

-менчик ээсинин өздүк каражаттары;

-бюджеттик жана бюджеттик эмес каражаттар;

-менчик ээси же ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген мүлктөр;

-жеке жана юридикалык жактар тарабынан өз ыктыяры менен берилген каражат, мүлктөр;

-продукцияларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар жана башка мыйзам чегинде уруксат берилген ишкердиктен түшкөн кирешелер;

-банкттардын жана башка кредиторлордун насыясы;

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражат булактары.

6. Гүлчө  шаарынын мэриясы менен мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара мамилелери

6.1. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун калыптанышы жана өнүгүшү үчүн зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук, материалдык-каржылык шарттарды түзөт жана калкка жергиликтүү өз алдынча башкаруу укугун жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтөт.

**7. Шаардын мэри**

7.1. Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 46, 47-беренелеринде аныкталган талаптардын жана тартиптин негизинде райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясы тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.

7.2. “Жергиликтүү мамлекетгик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган ыйгарым укуктарынан тышкары шаардын мэри:

1) тиешелүү шаардын аймагында болгон, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызмат ордуна мыйзамда белгиленген тартипте дайындайт жана бошотот;

2) бириктирилген айыл аймактарынын административдик борборлорунан алыс жайгашкан айылдарда муниципалдык аймактык башкаруу түзүмүн түзүүгө укуктуу;

3) шаардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларын, инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен келишимдин негизинде тиешелүү адистерди тартууга укуктуу;

4) мамлекеттик органдар жана башка мекемелер, уюмдар менен жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыгында анын өкүлү катары өз ара аракеттенет.

8. Шаардын мэринин ыйгарым укуктары

**8.1. Шаардын мэри:**

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларынын, жергиликтүү кеңештин чечимдеринин сакталышын жана аткарылышын уюштурат;

2) мэриянын, муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин ишине жетекчилик кызмат, алардын ишинин натыйжалары үчүн жооп берет;

3) шаардын аймагында аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн ишин координациялоону жүзөгө ашырат;

4) мэриянын кызматкерлерин мыйзамдарга ылайык кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, аларга карата сыйлоо жана тартип жазасын колдонуу чараларын көрөт;

5) ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилерин, анын ичинде аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилерин мыйзамдарга ылайык кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;

6) статистика, улуттук коопсуздук, ички иштер органдарын, Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу органды жана аскердик башкаруунун жергиликтүү органдарын кошпогондо, тиешелүү шаардын аймагында болгон, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызмат ордуна мыйзамда белгиленген тартипте дайындайт;

7) статистика, улуттук коопсуздук, ички иштер органдарын, Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу органды жана аскердик башкаруунун жергиликтүү органдарын кошпогондо, тиешелүү шаардын аймагында болгон, аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызмат оруундарынан өз алдынча бошотот. Аткаруу бийлигинин тиешелүү мамлекеттик органдарынын жетекчилери алардын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызмат ордунан бошотуу жөнүндө негиздүү сунуш киргизген учурда жогоруда аталган кызмат адамдарын кызмат ордунан бошотууга милдеттүү;

8) жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына таандык кылынгандарын кошпогондо, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды башкарууну ишке ашырат;

9) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын талаптагыдай уюштурулушу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

10) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында, коомдук жана башка уюмдарында жана чет өлкөлөрдө мэриянын атынан иш алып барат;

11) социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык коргоонун колдонуудагы программаларынын уланмалуулугун камсыз кылат же жергиликтүү мамлекеттик администрация менен макулдашуу боюнча кызматка киришкен күндөн тартып 3 айдан кечиктирбестен социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын долбоорлорун иштеп чыгат жана шаардык кеңешке бекитүүгө берет;

12) жергиликтүү бюджеттин долбоорун шаардык кеңештин бекитүүсүнө сунуштайт, жарым жылда бир жолу жергиликтүү маанидеги иштердин аткарылышы, бюджеттин

аткарылышы, муниципалдык менчиктин жана бюджеттен тышкаркы фонддун каражаттарынын пайдаланылышы жөнүндө, шаарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын аткарылышынын маселеси боюнча шаардык кеңешке отчет берет;

13) мыйзамдарга ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча шаардык кеңешке сунуштарды киргизет;

14) шаардык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө сунуштарды киргизет, анын ишине катышат;

15) мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жана ардактуу наамдарды ыйгаруу жөнүндө белгиленген тартипте Президентке өтүнүч жасайт;

16) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

9. Шаардын мэринин орун басары

9.1. Шаардын мэринин орун басары мэр тарабынан өз алдынча дайындалат.

9.2.Мэрдин биринчи орун басары мэр жок мезгилде аны алмаштырат жана мэр тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

9.4. Мэр кызмат ордунан бошотулган учурда анын милдеттери жаңы мэр дайындалганга чейин мэрдин орун басарына жүктөлөт.

9.5. Мэрдин орун басары өзү аткарып жаткан ыйгарым укуктары үчүн мэрдин алдында жооп берет.

10. Гүлчө шаарынын мэриясынын финансылык-экономикалык негиздери

10.1. Шаардын мэриясынын финансылык негизин мыйзамдарда жергиликтүү бюджеттерге бекитилген кирешелердин салыктык жана салыктык эмес булактары,

муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ссудалар жана башка финансылык ресурстар түзөт.

10.2. Шаардын мэриясынын экономикалык негизин кыймылсыз жана кыймылдуу муниципалдык мүлк, баалуу кагаздар, мыйзамдарда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун карамагына өткөрүп берилген жана жергиликтүү коомдоштуктун кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн алардын аймагынын чектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан колдонулуп жаткан жерлер, жарандык укуктун башка объекттери, ошондой эле тиешелүү аймакта ишин жүзөгө ашырып жаткан ишканалар, уюмдар жана мекемелер түзөт.

10.3. Шаардын мэриясынын мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдары, юридикалык жана жеке жактар менен финансылык жана экономикалык мамилелери, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетти жана бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү жана аткаруу тартиби жана принциптери мыйзамдар менен жөнгө салынат.

## 11. Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

Ушул жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошондой эле аны жаңы редакцияда бекитүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белигенген тартипте жүзөгө ашырылат.

## 13. Корутунду жоболор

12.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошулган шаардын аймагынын курамына кирген айыл өкмөтүнүн балансында турган мүлк жана каражатгар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте шаардык мэриянын карамагына өткөрүлүп берилет. Ал эми документтери “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.